قال تعالى: كُنتُمْ خَيْرَ أُمَّةٍ أُخْرِجَتْ لِلنَّاسِ تَأْمُرُونَ بِالْمَعْرُوفِ وَتَنْهَوْنَ عَنِ الْمُنكَرِ وَتُؤْمِنُونَ بِاللَّهِ


مجلة مختارات

тандалган макалалар

# МУХТАРОТ

Хизб ут-Тахрир Борбордук маалымат кеңсеси

Хизб ут-Тахрир Борбордук маалымат кеңсеси


Бул чыгарылышта Ражаб айында өткөрүлгөн иш-чаралар камтылган. Алар Ислам мамлекетинин кулатылышын эскерүүгө жана үммөттү Ислам системасын жашоонун бардык тармактарында колдонуу үчүн Ислам мамлекетин кайрадан куруу милдетине чакырууга арналган


№99 - Ыйык Рамазан, хихрий 1446ж - Март, миладий 2025ж


# 104 жыл мурун Халифалык мамлекетинин кулатылышын эскерүү иш-чаралары

## 1446 Н. - 2025 М.

## Кириш сөз

Акыркы айларда дүйнөдө болуп өткөн окуялар чоң өзгөрүүлөргө себеп болду. Сириянын заалим Асад режими 50 жыл башкаргандан кийин кулады, бирок анын ордуна дагы эле динсиздикке негизделген режим орнотулду. Ошол эле учурда, мусулмандардын башкаруучулары Газа менен Палестинаны коргоо жоопкерчилигинен баш тартып, геноциддин, этникалык тазалоонун жана зордук-зомбулуктун уланышына шарт түзүштү. Судандагы кан төгүү да уланып жатат, аны саткын режимдер уюштурууда. Бул окуялар мусулман башкаруучуларынын өз элине жана үммөткө болгон чыккынчылыгын дагы бир жолу далилдейт.

Мусулмандардын башкаруучулары өз элине кам көрбөй, алардын көйгөйлөрүн чечпей, Ислам системасын жетекчиликке алып келүүнүн ордуна, алсыз мамлекеттердин чегинде үммөттү бөлүп-жарып жатышат. Бул мусулман өлкөлөрүндөгү кризистердин негизги себеби.

Ражаб айынын келиши бизге үммөттүн мамлекетсиз канчалык кыйналып жатканын эскертип турат. 1342-жылы, Ражаб айынын жыйырма сегизинде (1924-жылдын 3-мартында) Мустафа Камал аттуу кылмышкердин колу менен Ислам мамлекети жок кылынган. Аллахтын Элчиси ﷺжана анын асыл сахабалары негиздеген мамлекет мусулмандардын чыккынчы жетекчилеринин, араб жана түрк кылмышкерлеринин колу менен кыйратылды. Ислам башкаруу системасы Халифалык жоюлду.

Ар жылы "Хизб ут-Тахрир" партиясы үммөттү Ислам мамлекетин кайра тикелөө үчүн тынымсыз аракет кылууга үндөгөн кеңири элдик иш-чараларды уюштуруп келет. Себеби, Ислам мамлекети гана бул дүйнөдө үммөткө улуулук алып келет жана акыретте куткарылууга жеткирет. Бул мамлекет гана мусулмандарды жана бардык адамзатты каапырлардын эзүүсүнөн жана Батыштын арамза пландарынан коргой алат.

Бул чыгарылышта Ражаб айында өткөрүлгөн иш-чаралар камтылып, Ислам мамлекетинин кулатылышын эскерүү, үммөттү ойготуу жана Ислам системасын жашоонун бардык тармагында колдонуу үчүн аракет кылуу зарылдыгы баса белгиленет. Биз Аллахтан Пайгамбарлык жолундагы экинчи рошид Халифалыкты тезирээк орнотууну суранабыз.

**"Мухтарот" журналынын редакциялык тобу**
**Ыйык Рамазан, хижрий 1446-ж, миладий 2025-ж, март**

тандалган макалалар
МУХТАРОТ
Хизб ут-Тахрир Борбордук маалымат кеңсеси

№99

بِسْمِ اللَّهِ الرَّحْمَٰنِ الرَّحِيمِ

﴿وَعَدَ اللَّهُ الَّذِينَ آمَنُوا مِنكُمْ وَعَمِلُوا الصَّالِحَاتِ لَيَسْتَخْلِفَنَّهُمْ فِي الْأَرْضِ كَمَا اسْتَخْلَفَ الَّذِينَ مِن قَبْلِهِمْ وَلَيُمَكِّنَنَّ لَهُمْ دِينَهُمُ الَّذِي ارْتَضَىٰ لَهُمْ وَلَيُبَدِّلَنَّهُم مِّن بَعْدِ خَوْفِهِمْ أَمْنًا يَعْبُدُونَنِي لَا يُشْرِكُونَ بِي شَيْئًا وَمَن كَفَرَ بَعْدَ ذَٰلِكَ فَأُولَٰئِكَ هُمُ الْفَاسِقُونَ﴾

# Мазмуну:


- Кириш сөз........................................ 2
- Халифалыктын кулашын эскерүү жана анын кайтып келүү босогосунда, биз Ислам үммөтүн аны кайра тикелөөгө шашылууга чакырабыз........................................4
- 104 жыл мурун Халифалык мамлекетинин кулатылышын эскерүү иш-чараларынын жыйынтыгы ................................8
- Америка менен Канада Халифалык конференциясын жокко чыгаруу үчүн аракет кылышууда ........................................10
- Трамп бизге үстөмдүк кыла алмак эмес, эгерде бизде Халифа болгондо. Яхудийлердин мамлекети да калыптанмак эмес, эгерде башкаруучуларыбыз чыккынчы болбогондо!. ............................................... .15
- Халифалык кыйраган күн – аны кайра тикелөө үчүн даават болушу керек..................15
- Хизб ут-Тахрир–Кения Халифалык кулашынын 104 жылдыгын эскерүүгө байланыштуу иш-чараларды уюштурду........ ..22
- Халифалык – үммөттүн өзгөрүү долбоору жана парздардын таажысы............23
- Борбордук маалымат кеңсеси: “Халифалык жолундагы өзгөрбөс негиздер”..........25
- Түркия вилаяты: “Жоголгон кылымдан кубанычтуу келечекке карай” аттуу документалдык тасма.................................. .27
- Тунис вилаяты: “Азаттык жүрүшү – колонизатордук кишендеринен кутулуп, халифалыкты тикелөө үчүн революция улана берет”.................................................28
- “Анын кайтып келишин кечеңдеткен тоскоолдуктарды жоюу”........................29
- Ливан вилаяты: Шам аймагындагы өзгөрүүлөр тынчсыздануулар жана сүйүнүчтөр аттуу халифалык конференциясы...........................................................31
- Ыйык Жер: Аялдар бөлүмү Халифалык кулашынын 104 жылдыгын эскерүү күнүнө арналган сөздөр..........................................................................................33
- Пакистан вилаяты: “Бир үммөт, бир халифалык” сериясы..............................35


тандалган макалалар
МУХТАРОТ
Хизб ут-Тахрир Борбордук маалымат кеңсеси

«Хизб ут-Тахрир» Борбордук маалымат кеңсесинен Мухтарот (тандалмалар) – партиянын маалымат сайтында жана радиосунда жарыяланган айрым макалалар камтылган. Бардык жарыяланган билдирүүлөр «Хизб ут-Тахрир» партиясынын расмий көз карашын чагылдырат. Ал эми башка авторлордун макалалары партиянын сайтында же маалымат журналында жарыяланганына карабастан, алар жазган инсандын жеке көз карашын билдирет. Журналдын жана партиянын расмий сайтында жарыяланган материалдарды өзгөртүүсүз, бурмалабай жана булагын көрсөтүү шарты менен көчүрүп жарыялоого уруксат берилет.

**Хизб ут-Тахрир**
**Борбордук маалымат бөлүмү**

بسم الله الرحمن الرحيم

﴿وَعَدَ اللَّهُ الَّذِينَ آمَنُوا مِنكُمْ وَعَمِلُوا الصَّالِحَاتِ لَيَسْتَخْلِفَنَّهُمْ فِي الْأَرْضِ كَمَا اسْتَخْلَفَ الَّذِينَ مِن قَبْلِهِمْ وَلَيُمَكِّنَنَّ لَهُمْ دِينَهُمُ الَّذِي ارْتَضَىٰ لَهُمْ وَلَيُبَدِّلَنَّهُم مِّن بَعْدِ خَوْفِهِمْ أَمْنًا يَعْبُدُونَنِي لَا يُشْرِكُونَ بِي شَيْئًا وَمَن كَفَرَ بَعْدَ ذَٰلِكَ فَأُولَٰئِكَ هُمُ الْفَاسِقُونَ﴾

**28-ражаб 1446х – 28-январь 2025м**

## Басма сөз баянаты

## Халифалыктын кулашын эскерүү жана анын кайтып келүү босогосунда, биз Ислам үммөтүн аны кайра тикелөөгө шашылууга чакырабыз

Халифалык 1342-жылы, 28-Ражабда (1924-жылдын 3-мартында) кулатылгандан бери үммөт үзгүлтүксүз азаптарды жана арт-артынан келген жеңилүүлөрдү башынан кечирди: өлкөлөрүнүн бөлүнүшү, байлыктарынын талап-тонолушу, уул-кыздарынын өлтүрүлүшү, ыйык нерселеринин мазакталышы жана шариатына кол салынышы булардын катарынан.

Бирок бүгүнкү күндө халифалыктын кайра кайтып келиши мурдагыга караганда алда канча жакын болуп калды. Биз азыр так Медина эли улуу чечим кабыл алып, Пайгамбарыбыз Мухаммадды ﷺөздөрүнүн саясий лидери жана мамлекет башчысы катары кабыл алгандай учурдун босогосунда жашап жатабыз.

Сахаба Жабир ибн Абдуллахтан (Аллах андан ыраазы болсун) жеткен хадисте (Ахмад жана Байхаки риваят кылган) Мадина мусулмандары өз тарыхындагы эң чоң чечимдердин бирин кабыл алар алдындагы абалы баяндалат:

حتى لم يبق دار من دور الأنصار إلا وفيها رهط من المسلمين، يظهرون الإسلام، ثم ائتمروا جميعاً... فقلنا: حتى متى نترك رسول الله له يطرد في جبال مكة ويخاف......

«…Ансарлардын ар бир үйүндө мусулмандар бар эле, алар Исламды ачык көрсөтүп калышты. Анан алар чогулуп, «Биз Пайгамбарыбызды ﷺ Меккенин тоолорунда куулуп жүрүшүнө жана коркунучта болушуна дагы канчага чейин жол беребиз?» – деп сүйлөшүштү…»

Анан алардан 73 эркек жана 2 аял Акбада Пайгамбарыбызга ﷺ байъат беришти. Ансарлардын бири, эң жаштары Асъад ибн Зурара, бул учурдун чоң сыноо экенин эскертип:

رويداً يا أهل يثرب، فإنا لم نضرب إليه أكباد الإبل إلا ونحن نعلم أنه رسول الله، وأن إخراجه اليوم مفارقة العرب كافة وقتل خياركم، وأن تعضكم السيوف، إما أنتم قوم تصبرون على ذلك وأجركم على الله وإما أنتم تخافون من أنفسكم خبيئة فتبينوا ذلك فهو أعذر لكم عند الله.

«О, Йасриб эли, шашылбагыла! Биз бул жакка төөлөрдүн өркөчтөрүн ээн баш абалда минип келген жокпуз. Биз билебиз – ал чындыгында Аллахтын Элчиси. Аны коргоп чыгуу – бүтүндөй

арабдар менен касташуу, мыкты адамдардын өлтүрүлүшү, силердин кылычтар менен сыналышыңар. Эгер чыдасаңар, сообуңар Аллахтан болот. Эгер корксоңор, азыр чечкиле, бул силер үчүн Аллахтын алдында жүйөлүү болот!»

Аларга бул сөздөр жеткенде, алар чечкиндүүлүк менен жооп беришти:

قالوا: أمط عنا يا أسعد، فوالله لا ندع هذه البيعة أبداً، ولا نسلبها أبداً، فبايعناه فأخذ علينا، وشرط، ويعطينا على ذلك الجنة".

«О, Асъад, биз бул байъаттан эч качан баш тартпайбыз! Аны эч качан бузбайбыз!»

Андан кийин алар Пайгамбарыбызга ﷺ байъат беришип, шарттарды кабыл алышты. Ал эми Аллах аларга бейишти убада кылды.

Ибн Хишамдын сийратында дагы бир окуя баяндалат. Ибн Исхактын риваяты боюнча, байъат берерден мурун Аббас ибн Убада (Ансарлардын бири) өз элине кайрылып мындай деди:

يَا مَعْشَرَ الْخَزْرَجِ، هَلْ تَدْرُونَ عَلَامَ تُبَايِعُونَ هَذَا الرَّجُلَ ؟ قَالُوا: نَعَمْ، قَالَ: إِنَّكُمْ تُبَايِعُونَهُ عَلَى حَرْبِ الْأَحْمَرِ وَالْأَسْوَدِ مِنَ النَّاسِ، فَإِنْ كُنْتُمْ تَرَوْنَ أَنَّكُمْ إِذَا نُهِكَتْ أَمْوَالُكُمْ مُصِيبَةً، وَأَشْرَافُكُمْ قَتْلاً أَسْلَمْتُمُوهُ، فَمِنْ الْآنَ، فَهُوَ وَاللَّهِ إِنْ فَعَلْتُمْ خِزْيِ الدُّنْيَا وَالْآخِرَةِ وَإِنْ كُنْتُمْ تَرَوْنَ أَنَّكُمْ وَافُونَ لَهُ بِمَا دَعَوْتُمُوهُ إِلَيْهِ عَلَى نَهْكَةِ الْأَمْوَالِ، وَقَتْلِ الْأَشْرَافِ فَخُذُوهُ، فَهُوَ وَاللَّهِ خَيْرُ الدُّنْيَا وَالْآخِرَةِ، قَالُوا: فَإِنَّا نَأْخُذُهُ عَلَى مُصِيبَةِ الْأَمْوَالِ، وَقَتْلِ الْأَشْرَافِ، فَمَا لَنَا بِذَلِكَ يَا رَسُولَ اللَّهِ إِنْ نَحْنُ وَفَّيْنَا بِذَلِكَ)؟ قَالَ: الْجَنَّةُ. قَالُوا: ابْسُطْ يَدَكَ، فَبَسَطَ يَدَهُ فَبَايَعُوهُ.

«О, Хазраж эли, бул адамга эмне үчүн байъат берип жатканыңарды билесиңерби?»

Алар: «Ооба!» – дешти.

Ал айтты: «Силер ага адамдардын кызыл-карасы менен согушуу үчүн байъат берип жатасыңар. Эгер силердин мал-мүлкүңөр кыйраганда же улууларыңар өлтүрүлгөндө аны таштап коё турган болсоңор, анда азыр баш тарткыла. Ант болсун, эгер ошондой кылсаңар, бул дүйнөдө да, акыретте да уятка каласыңар! Эгер силер бардык оорчулуктарга туруштук берип, ага берген убадаңарга бекем турсаңар, анда бул ишиңер бул дүйнөдө да, акыретте да силер үчүн эң жакшы нерсе».

Алар: «Биз ага байъат бердик! Биз мал-мүлкүбүздүн кыйрашы менен, улууларыбыздын өлтүрүлүшү менен келиштик! Эгер биз убадабызга бекем турсак, бизге эмне насип болот, оо Аллахтын Элчиси?» – деп сурашты.

Ал ﷺ айтты: «Бейиш!»

Алар: «Колуңузду сунуңуз!» – дешти. Анан ал ﷺ колун сунду, алар ага байъат беришти.

Үммөт бүгүн дал ушул учурду баштан кечирип жатат. Үммөт азыр ой жүгүртүүдө, эсеп-кысап кылууда, өзүнө баа берип, мүмкүнчүлүктөрүн таразалап жатат. Андан соң дүйнөгө көз чаптырып, анын күчүн баалап, үмүт менен кооптонуп, өзүнө суроо берип жатат: Исламды саясий долбоор катары жарыялоого мүмкүнбү? Же Батышка жана аны менен кызматташкандарга баш ийүү керекпи?

Батыш жана аны менен кызматташкандар үммөттү жакырчылык, курчоого алуу жана өлүм менен коркутуп келишет. Бирок үммөттүн катмары кайра-кайра Исламды кайтарууну талап кылып, аянттарда үнүн көтөрүп жатат. Ал Исламий жашоону каалап жатат, бирок чечкиндүү кадам таштоодон дагы эле тартынып келет.

Бул абал, айрыкча, Шам жергесинде көрүнүктүү болду. Кылмышкер Башар Асаддын режими кулап, ал Дамасктан качканда, Батыш дароо жана бир добуштан Шам элине кайрылып, кооптонуу менен кайра-кайра сурады: «Силер Шариатты орнотууга ниеттенип жатасыңарбы? Силер Халифалыкты тикелөөнү көздөп жатасыңарбы?»

Ислам үммөтү толугу менен Шам элине көз салып, алар менен бирге ой жүгүртүп, маселенин чечимин талкуулап жатат. Социалдык тармактар үммөттүн бардык жериндеги уул-кыздарынын бул тагдыр чечүүчү суроолор боюнча талкуулары менен толуп кетти.

Үммөт жалгыз Шам элинин гана көйгөйү дейби же Исламды тикелөө үчүн чечкиндүү кадам таштайбы? Же бул маселени дагы бир мөөнөткө калтырабызбы?

Араб жазы, андан кийин «Аль-Акса бороону» операциясы**,** Шам элине каршы жасалган репрессиялык машинанын кыйрашынан бери халифалыктын кайтып келүүсүнө тоскоолдуктар биринин артынан бири жоюлуп жатат. Үммөт улуттук долбоорлордон үмүтүн үзүп, Исламий чечимди издей баштады**.**

Шам эли 60 жылдык секулярдык башкарууга карабастан, Исламды окуу программаларына кайтарууга бел байлады**.** Ар бир жаңы окуя менен үммөт Батыштын идеяларынан алыстап, өзүнүн Исламий инсандыгын калыбына келтирүүгө умтулуп жатат. Ошондой эле, ар бир олуттуу окуя Сайкс-Пико келишими менен чийилген чек аралардын мыйзамдуулугуна болгон ишенимди солгундатып, аларды жокко чыгаруу идеясын күчөтүүдө**.**

Бул Газа согушунда, Шамдын заалымы кулаганда, Газага каршы агрессияны токтотуу учурларында даана байкалды.

Халифалыктын кайтып келишине болгон тоскоолдуктар азайып баратат.

Эми тоскоол болгон майда-барат гана топтор калды. Коомду жакшы билгендер биз менен халифалыкты тикелөө ортосунда бир гана чечим турганын түшүнүшөт. Бул чечим, так ансарлар (Аллах алардан ыраазы болсун) кабыл алган чечимге окшош. Аллахтын ыраазылыгы үчүн жашоону тандап, анын бейиши үчүн өлүмгө даяр болуу. Аллах Таала айтат:

**﴿قُلْ إِنَّ صَلَاتِي وَنُسُكِي وَمَحْيَايَ وَمَمَاتِي لِلَّهِ رَبِّ الْعَالَمِينَ لَا شَرِيكَ لَهُ وَبِذَٰلِكَ أُمِرْتُ وَأَنَا أَوَّلُ ٱلْمُسْلِمِينَ﴾**

“Айткын (эй Мухаммад): “Албетте намазым, ибадаттарым, тирүүлүгүм жана өлүмүм да ааламдардын Раббиси болгон Алла үчүн. Ал Заттын бир да шериги жок. Мына ушуга (т.а. жалгыз Аллага сыйынууга) буйрулганмын. Демек, мен моюн сунуучулардын биринчиси-алгачкысымын”.

**Ислам Үммөтүнө жана анын армияларына чакырык**

Хизб ут-Тахрир үммөткө жана анын армияларына кайрылып, аларды Нубувват минхажы негизиндеги экинчи Халифалыкты тикелөө үчүн биргеликте иштөөгө чакырат. Биз анын керектүү даярдыктарын бүтүрдүк.

Биз менен иш алып барыңыздар, ошондо бул жыл Халифалыктын кулатылышын эскерүүчү акыркы жыл болуп калсын. Кийинки жылдан тарта, ин шаа Аллах, биз ар жылы анын кайтып келишин майрамдай турган болобуз!

**Салахуддин Азаза**
**Хизб ут-тахрирдин Борбордук маалымат бөлүмүнүн башчысы**

**Хизб ут-Тахрир Борбордук маалымат бөлүмү**

بسم الله الرحمن الرحيم

﴿وَعَدَ اللَّهُ الَّذِينَ آمَنُوا مِنكُمْ وَعَمِلُوا الصَّالِحَاتِ لَيَسْتَخْلِفَنَّهُمْ فِي الْأَرْضِ كَمَا اسْتَخْلَفَ الَّذِينَ مِن قَبْلِهِمْ وَلَيُمَكِّنَنَّ لَهُمْ دِينَهُمُ الَّذِي ارْتَضَىٰ لَهُمْ وَلَيُبَدِّلَنَّهُم مِّن بَعْدِ خَوْفِهِمْ أَمْنًا يَعْبُدُونَنِي لَا يُشْرِكُونَ بِي شَيْئًا وَمَن كَفَرَ بَعْدَ ذَٰلِكَ فَأُولَٰئِكَ هُمُ الْفَاسِقُونَ﴾

**3-шабан 1446х – 2-февраль 2025м**

## Басма сөз баянаты

## 104 жыл мурун Халифалык мамлекетинин кулатылышын эскерүү иш-чараларынын жыйынтыгы

Аллахка шүгүр, биз Ражаб айынын башында баштаган Халифалыктын кулатылышын эскерүү иш-чараларын аяктадык. Бул айдын жыйырма сегизинчи күнү, англиялык агент Мустафа Камалдын колу менен анын кулатылышынын жылдыгына туш келет.

Дүйнө жүзүндөгү «Хизб ут-Тахрир» партиясынын жигиттери бул кайгылуу окуяны эл арасында жана маалымат каражаттарында ар кандай иш-чаралар менен эскеришти: сабактар, баяндамалар, лекциялар, конференциялар, видео кайрылуулар, аянттарда жана ачык жерлерде элге кайрылуулар, партиянын маалымат кызматкерлери тарабынан билдирүүлөр жана макалалар жарыяланды. Бул иш-чаралар мусулмандарга Халифалыктын кулатылышынан кийинки чоң жоготууларын жана анын жоктугу алардын саясий жана күнүмдүк жашоосунун бардык чөйрөлөрүнө кандай таасир эткенин эскертти. Ошондой эле, иш-чаралар жакын арада Аллахтын уруксаты менен кайрадан тикелене турган Халифалык мамлекетинин алкагында үммөттүн көйгөйлөрүн чечүүнүн мүмкүн болгон жолдорун баса белгиледи.

«Хизб ут-Тахрир» партиясынын жигиттери бүткүл дүйнө жүзү боюнча мусулмандарды Пайгамбарлык жолундагы экинчи туура Халифалыкты тикелөө үчүн тынымсыз эмгектенүүгө чакырышты. Айрыкча, үммөттүн аларды коргой турган, кандарын сактай турган жана ар-намысын коргой турган мамлекетке муктаждыгын баары түшүнгөндөн кийин бул качып кутулгус. Газа жана бүтүндөй Палестинадагы геноциддик согуш учурунда мусулмандардын башкаруучулары жана Сайкс-Пико чек аралары үммөттүн алсыз, кор жана талкаланышынын себеби экенин баары көрдү. Аллахтын жардамы менен, бүгүнкү күндө үммөт Халифалыкты тикелөө максатына мурункуга караганда жакыныраак турат. Биз Аллахтан ушул жыл бүткөнгө чейин күч-кубат ээлеринин «Хизб ут-Тахрир» партиясына Пайгамбарлык жолундагы рошид Халифалыкты жарыялоо үчүн жардам беришин сурайбыз. Бул Халифалык бизди

бириктирип, жеңишке жеткирип, Исламды толук колдонууга шарт түзөт.

وَنُرِيدُ أَن نَّمُنَّ عَلَى الَّذِينَ اسْتُضْعِفُوا فِي الْأَرْضِ وَنَجْعَلَهُمْ أَئِمَّةً وَنَجْعَلَهُمُ الْوَارِثِينَ

«Биз болсо ал жерде кордолгон кишилерге камкордук кылууну, аларды (кордук, бечаралыктан чыгарып, бардык адамдарга) башчы заттарга айландырууну жана аларды (Фиравндын мүлкүнүн) мураскорлору кылууну каалайбыз». (Касас, 5)

**Хизб ут-Тахрир Борбордук маалымат бөлүмү**

## Америка менен Канада Халифалык конференциясын жокко чыгаруу үчүн аракет кылышууда

Батыл жолдо жүргөндөр - жер бетиндеги бейкүнөө эркектерди, аялдарды, балдарды өлтүрүүгө чакыргандар жана аларды өлтүрүүгө колдоо көрсөткөндөр, ошондой эле Палестинадагы адамдардын башына үйлөрдү кыйратып төгүүчүлөр өз кылмыштарын ашкерелеген сөздү көтөрө алышпайт. Алар чындык ачык айтылган жердин болушун да каалашпайт. Элдерди байлыктарынан ажыратып, өлкөлөрдү жакыр кылып, адамдарды кулга айландырган капиталисттер бүткүл дүйнөнү өз кызыкчылыктарына ылайык пайдаланылчу майданга айландырышты. Алардын эзүүсүнөн өз элдери да аман калган жок. Алар элди салыктар менен чарчатты, ал эми ири корпорациялар адамдарды кул кылды. Натыйжада, чексиз байлыктар банктарда топтолуп жатканына карабастан, карапайым адамдар эң негизги муктаждыктарын араң жаба алган абалга келди.

Коомду ыдыратуу максатында, Батыштагы мамлекеттер бузукулук өнөктүктөрүн жүргүзүп, адепсиз мыйзамдарды чыгарды. Мисалы, гомосексуализмди мыйзамдаштырган мыйзамдарды кабыл алып, бузукулукту жайылтууну коргоо жана ага каршы чыккандарды жазалоо саясатын жүргүзүштү. Натыйжада, коом бузукулар тобуна айланып, адилетсиздикке каршы турууга жөндөмсүз абалга келди.

Бул дүйнөлүк кулчулукту, оторчулукту жана бузулган эл аралык тартипти сактап калуу үчүн Батыштын өкмөттөрү жана мекемелери Батыш цивилизациясына альтернатива сунуш кылгандарды, адилеттүүлүк менен чындык принциптерин кармангандарды куугунтукташты. Алар Халифалык чакырыгына каршы күрөшүп, Лут пайгамбардын коому сыяктуу мамиле кылышты, алар: «Луттун үй-бүлөсүн калааңардан чыгарып жибергиле, анткени алар (бизден айырмаланып) өздөрүн таза тутушат», деген аяттын мисалы болушту.

(أَخْرِجُوا آلَ لُوطٍ مِنْ قَرْيَتِكُمْ إِنَّهُمْ أُنَاسٌ يَتَطَهَّرُونَ)

“Луттун үй-бүлө, үммөттөрүн кыштагыңардан (кууп) чыгаргыла! Буга себеп, чындыгында, алар абдан «пакиза кишилер», дешкендиктери гана болду”.

Ушул шарттарда, «Халифалык мамлекетинин түзүлүшүнө тоскоолдуктарды жоюу» темасындагы Халифалык конференциясын үстүбүздөгү жылдын 18-январында Канададагы Торонто шаарына жакын жайгашкан Миссисога шаарында өткөрүү пландалган болчу. Бирок Канада өкмөтү Америка менен бирге, өздөрү дайыма мактанып келген «ой жүгүртүү жана маданий иш-чараларды уюштуруу эркиндиги», «эркиндик», «пикир билдирүү укугу» сыяктуу мыйзамдарын жана баалуулуктарын тебелеп-тепсеп, конференциянын уюштуруучуларын токтотуу үчүн медиа чабуулун жана пропагандалык кампанияны башташты.

Алар ар кандай иш-чаралар өтүүчү мекемелерге басым жасап, аларды конференциянын уюштуруучуларына имараттарды ижарага бербөөгө мажбурлашты. Бул өнөктүктүн алкагында, Канаданын Коомдук коопсуздук министри Дэвид Дж. МакГинти жана анын орун басары Рэйчел Бендиан биргелешкен билдирүү жасап, конференцияны өткөрүүгө тоскоол болуу үчүн жалган жана бурмаланган маалыматтарды таратышты.

Билдирүүдө төмөнкүдөй айтылды:

«Хизб ут-Тахрирдин 2025-жылдын 18-январында Онтарио, Гамильтон шаарында өткөрүлүшү пландалган конференциясы тууралуу маалыматтар бизди абдан тынчсыздандырат. Хизб ут-Тахрирдин зордук-зомбулукка үндөгөн жана радикалдык идеологияны жайылткан тарыхы бар. Алар бейкүнөө жарандарга, анын ичинде 2023-жылдын 7-октябрындагы окуялардын курмандыктарына карата кол салууларды кубатташат жана ХАМАС, Хизбуллах сыяктуу тыюу салынган террористтик уюмдарды колдошот. Бул алардын Канададагы тынчтык, инклюзивдүүлүк жана ар түрдүүлүк баалуулуктарына таптакыр каршы келгендигин көрсөтөт. Биз алардын ишмердүүлүгүн жана бул конференциянын өткөрүлүшүн кескин айыптайбыз жана уюштуруучуларды өздөрүнүн брондолгон жайын бошотууга чакырабыз. Андан тышкары, биздин коопсуздук жана чалгындоо органдары учурда Хизб ут-Тахрирди Канада мыйзамдарына ылайык террористтик уюм катары таануу мүмкүнчүлүгүн карап жатышат».

Башка тараптан, белгилүү «Tesla» компаниясынын ээси жана АКШнын шайланган президенти Дональд Трамптын администрациясында “DOG” деп аталган жаңы бөлүмүнө жетекчи

кылып дайындаган Илон Маск төмөнкү мазмундагы билдирүүнү жарыялады:

«Исламчылар 18-январда Канаданын Миссисога шаарында бардык мусулман эместерди жеңүү жана дүйнөлүк Халифалык түзүү боюнча конференция өткөрүшөт. Бул иш-чаранын уюштуруучусу болгон (Хизб ут-Тахрир) уюму көптөгөн өлкөлөрдө террористтик уюм катары катталган».

Мындан тышкары, «Израиль Азыр» сайты төмөнкү билдирүүнү жарыялады:

«Хизб ут-Тахрирдин исламий конференциясы Миссисогадан Гамильтонго көчүрүлдү. 'Израиль Азыр' бул конференцияны аныктап, аны жабуу үчүн аракет көрөт, анткени бул конференция Батыш цивилизациясына каршы согуш жарыялоо болуп эсептелет».

Ошентип, Канада Америка жана Яхудийлердин жасалма мамлекети менен биргеликте, дүйнөдө эки миллиарддан ашык мусулмандар бар болсо да, алардын ондон бир бөлүгүнө да жетпеген бир жамаат өткөргөн конференцияга каршы катуу аракетке өттү. Бул каршылык көрсөтүү жана конференция борборлорунун ээлерин кысымга алуу алардын кылмыштарын билип турганын жана Батыш цивилизациясынын калктарды бактысыз кылган жана түптөн бузулган система экенин түшүнүп калышканын айгинелейт. Алар өздөрүнүн кылмыштуу саясаттары менен секулярдык ишенимдерин ачыкка чыгарууга эч кимге мүмкүнчүлүк бербөө үчүн күрөшүп жатышат. Анткени, алар жээк жаракасын бойлоп бара жатканын жана көп өтпөй кулап түшөрүн жакшы билишет. Ошондой эле, Ислам – адамзатты алардын зулумдукка негизделген системасынан адилеттүүлүккө алып чыга ала турган улуу цивилизациялык альтернатива экенине да бекем ишенишет.

Ошондуктан, бул бактысыздар конференцияны токтотуу үчүн бардык чараларды көрүштү. Алар муну Ислам дүйнөсүндөгү өздөрүнүн кул башкаруучуларынын ыкмалары менен аткарууда. Бул башкаруучулар калп, бурмалоо жана жалган жалааларды ойлоп табуу менен атагы чыккан. Алар коркутуу, камоо, кыйноо жана ар кандай зулумдуктардын аркасында Исламдын цивилизациялык альтернативасын көтөргөндөрдү жок кылууга аракет кылышууда. Анткени, бул альтернатива аларды тактысынан кулатат, элден тартып алган бийлигин жана байлыгын кайтарып алып, алардын кылган зулумдары үчүн жоопко тартат.

Конференциянын жокко чыгарылышына карабастан, анын негизги билдирүүсү элге жетти. Дагы да маанилүүсү, даават иштерин жүргүзүү эми коомдук жолугушуулар менен гана чектелбейт. Хизб ут-Тахрирдин жаштары эл арасында жашап, аларга бетме-бет Исламий дааватты жеткирип жатышат. Ошондой эле, социалдык тармактар азыр ар бир дааватчыны өзүнүн үнүн элге жеткирүүгө мүмкүндүк берген аянтчага айланды. Мындан да кызыктуусу, Аллах алардын душманы болгон Илон Маск аркылуу бул маселени коомчулукка жайылтуу үчүн курал кылып койду. Анын миллиондогон катталуучулары бар. Бирок өзү бул ишке тескерисинче, пайдалуу кызмат кылып жатканын байкаган да жок. Аллахтын сөзүндө мындай деп айтылат:

﴿إِنَّ الَّذِينَ كَفَرُوا يُنْفِقُونَ أَمْوَالَهُمْ لِيَصُدُّوا عَنْ سَبِيلِ اللَّهِ فَسَيُنْفِقُونَهَا ثُمَّ تَكُونُ عَلَيْهِمْ حَسْرَةً ثُمَّ يُغْلَبُونَ وَالَّذِينَ كَفَرُوا إِلَى جَهَنَّمَ يُحْشَرُونَ﴾

«Албетте, каапыр болгон кимселер байлыктарын адамдарды Алланын жолунан тосуу үчүн иштетишет. Анан, аны сарпташат го, кийин ошол (байлыктары) өздөрүнө өкүнүч болот, кийин жеңилишет. Каапыр кимселер Алла ыпласты тазадан (каапырды момундан) ажыратуусу үчүн жана ыплас адамдардын барын үстү-үстүнө жыйып, тозокко ташталышы үчүн топтолушат. Дал ошолор зыян көрүүчүлөр».

Биз ишенебиз – чындык сөз узакка созулса да, кыска болсо да, сөзсүз түрдө жеңишке жетет. Биздин милдет – Исламдын кабарын бүтүндөй адамзатка жеткирүү, Пайгамбарлык минхажы негизиндеги Халифалык мамлекетин кайра орнотуу үчүн аракет кылуу. Биз толук ишенебиз – Аллах бизге жана Өзүнүн динине жеңиш берет, каапырлар каалабаса да.

﴿إِنَّا لَنَنْصُرُ رُسُلَنَا وَالَّذِينَ آمَنُوا فِي الْحَيَاةِ الدُّنْيَا وَيَوْمَ يَقُومُ الْأَشْهَادُ﴾

«Биз пайгамбарларыбызга жана ыйман келтиргендерге дүйнөдө да, күбөлөр (Кыямат күнү) туруп калган күнү да жеңиш беребиз».

Эй мусулмандар! Аллахтын Китебинде жана Анын Элчисинин ﷺ сүннөтүндө бардык көйгөйлөрүбүздүн чечими бар. Бул – элибизге улуулук, душмандарыбызга кордук алып келе турган чечим. Ал – Ислам мамлекети болгон туура жолдогу Халифалыктын кайра тикелениши. Аны таква менен башкарып, артында уммат корголгон, алдыда душмандар жеңилген бир жетекчи башкарышы керек. Ал келип, Исра жана Мираж жерин (Куддусту) кайрадан эркин жана урматтуу кылат, яхудийлерди жана бардык баскынчыларды дүйнөнүн эң төмөнкү деңгээлине түшүрөт, аларды бул дүйнөдө кордоп, акыретте катуу азапка дуушар кылат. Аллахтын уруксаты менен бул нерсе азыркы зулумдук менен башкарылып жаткан доордон кийин сөзсүз ишке ашат.

Имам Ахмаддын хадисинде Хузайфа Расул ﷺ мындай дегенин риваят кылган:

«ثُمَّ تَكُونُ مُلْكاً جَبْرِيَّةً فَتَكُونُ مَا شَاءَ اللهُ أَنْ تَكُونَ ثُمَّ يَرْفَعُهَا إِذَا شَاءَ أَنْ يَرْفَعَهَا، ثُمَّ تَكُونُ خِلَافَةً عَلَى مِنْهَاجِ النُّبُوَّةِ. ثُمَّ سَكَتَ»،

**«...Анан зулумдук менен башкарылган падышачылык болот. Ал Аллах каалаганча уланат. Анан Аллах аны жоготот. Анан Пайгамбарлык минхажы негизинде туура жолдогу Халифалык болот».** (Ахмад)

Муслимде Ибн Умардан мындай хадис риваят кылынган:

وأخرج مسلم عن نافع عَنِ ابْنِ عُمَرَ عَنِ النَّبِيِّ ﷺ قَالَ: «لَتُقَاتِلُنَّ الْيَهُودَ فَلَتَقْتُلُنَّهُمْ

**«Силер яхудийлер менен согушасыңар жана аларды сөзсүз өлтүрөсүңөр».** (Муслим)

Бирок, Аллахтын мыйзамы боюнча, асмандан периштелер түшүп, биз отурган абалыбызда Халифалыкты куруп койбойт. Периштелер Жараткандын жеңиши жана жардамы катары, ыйманы күчтүү, жолуна бекем туруп, таква менен согушкан мусулман аскерлерге түшөт. Алар адилеттүү имамдын жетекчилигинде, анын артында согушуп, калыстык менен күрөшөт.

Аллах Таала айткан:

﴿**بَلَى إِنْ تَصْبِرُوا وَتَتَّقُوا وَيَأْتُوكُمْ مِنْ فَوْرِهِمْ هَذَا يُمْدِدْكُمْ رَبُّكُمْ بِخَمْسَةِ آلَافٍ مِنَ الْمَلَائِكَةِ مُسَوِّمِينَ**﴾

«Жок (жетишет). Эгер сабыр кылып Алладан корксоңор жана алар (каапырлар) ушул убакта силерге чабуул кылышса, Раббиңер силерге беш миң белгилүү periште менен жардам берет». (Аали Имран, 125).

Андан соң, бизге жеңишке жетүү жана жакынкы жеңиш менен сүйүнчүлөнүү насип болот:

﴿**نَصْرٌ مِنَ اللَّهِ وَفَتْحٌ قَرِيبٌ وَبَشِّرِ الْمُؤْمِنِينَ**﴾

“Жана (Алла силерге) дагы башка силер сүйө турган (бир нематты да берет, ал) Алла тарабынан болгон жеңиш жана жакын(да боло турган Мекке) фатхы (жеңиши). (эй Мухаммад), момундарга (мына ушул) куш кабарды жеткиргин!” (Саф, 13).

Эй мусулмандар! "Хизб ут-Тахрир" үммөттү эч качан алдабаган жетекчи катары – силерди ага жардам берүүгө жана туура жолдогу Халифалыкты кайра тикелөө үчүн аракет кылууга чакырат. Ошондо Ислам жана мусулмандар улуулукка жетишет, каапырлар жана алардын системасы кор болот. Бул эң улуу жеңиш!

﴿**إِنَّ فِي ذَلِكَ لَذِكْرَى لِمَنْ كَانَ لَهُ قَلْبٌ أَوْ أَلْقَى السَّمْعَ وَهُوَ شَهِيدٌ**﴾

«Албетте мында (билгич) жүрөк ээси болгон же өзү күбө болуп жаткан абалда (тактап айтканда, чын жүрөктөн) кулак туткан киши үчүн эскертме-үлгүлөр бар». (Каф, 37).

**Хизб ут-Тахрир
Иордания
вилаятындагы
маалымат бөлүмү**

بسم الله الرحمن الرحيم

﴿وَعَدَ اللَّهُ الَّذِينَ آمَنُوا مِنكُمْ وَعَمِلُوا الصَّالِحَاتِ لَيَسْتَخْلِفَنَّهُمْ فِي الْأَرْضِ كَمَا اسْتَخْلَفَ الَّذِينَ مِن قَبْلِهِمْ وَلَيُمَكِّنَنَّ لَهُمْ دِينَهُمُ الَّذِي ارْتَضَىٰ لَهُمْ وَلَيُبَدِّلَنَّهُم مِّن بَعْدِ خَوْفِهِمْ أَمْنًا يَعْبُدُونَنِي لَا يُشْرِكُونَ بِي شَيْئًا وَمَن كَفَرَ بَعْدَ ذَٰلِكَ فَأُولَٰئِكَ هُمُ الْفَاسِقُونَ﴾

حزب التحرير
Hizb ut Tahrir

**13-шабан 1446х – 12-февраль 2025м**

## Басма сөз баянаты

## Трамп бизге үстөмдүк кыла алмак эмес, эгерде бизде Халифа болгондо. Яхудийлердин мамлекети да калыптанмак эмес, эгерде башкаруучуларыбыз чыккынчы болбогондо!

Америка жана Европа мамлекеттеринин каапыр жетекчилери, ошондой эле алардын куралы болгон яхудийлер мамлекети мусулмандарды башкарган жетекчилердин жана алардын саясий чөйрөсүнүн чыныгы мусулмандардын пикирин билдирбей турганын жакшы билишет. Алардын жетекчилери, алардын малайлары жана аларды даңазалагандар мусулмандардын үмүтүн жана Ислам бийлигин кайра орнотуу каалоосун билдирбейт. Эгер силер алардын чыныгы мамилесин жана Аллахтын буйруктарына кандайча жооп бергенин билгиңер келсе, мусулмандардын бардык жерлерде басмырланып, кыргынга учураганын көргүлө. Бул — силердин өлкөлөрүңөрдү басып алып, байлыгыңарды талап-тоноого болгон тайманбас аракетиңердин натыйжасы.

Анын мисалы катары, Трамптын дүйнө алдында Ислам үммөтүнө каршы болгон Америка каапырларынын текебердигин жана яхудийлерге болгон колдоосун ачык айтканы, ошондой эле европалык кресттүүлөрдүн мусулмандарга болгон терең кастыгын көрсөтсө болот. Мисалы, Трамптын Газа элин сүргүн кылуу жөнүндөгү планы, яхудийлердин Батыш Жээктеги мусулмандарга каршы согушу жана аларды акырындык менен көчүрүп чыгарууга болгон аракеттери, ошондой эле Евро Биримдиктин «эки мамлекет чечими» деген курулай сөзү. Мунун бардыгы мусулман үммөтүнө каршы чоң кутумдардын бир бөлүгү.

Ушул күнгө чейинкиси жетиштүү болду!

Америка Ислам үммөтүнүн жана мусулмандардын душманы, ал эч качан дос, шерик же өнөктөш боло албайт. Анын достугу саткын башкаруучулардын гана сөзүндө кездешет. Америка менен каалаган деңгээлде кызматташкан адам бул душмандын кылган зулумдугуна жана агрессиясына шерик болот. Америкадан кийинки үммөттүн башкы душманы — Британия. Себеби, Палестинада яхудийлер мамлекетин негиздөөдө эң чоң күнөө ушул өлкөгө тийиштүү. Ал эми андан соң, бул мамлекеттин сакталып

калышына жана күчтөнүшүнө саткын башкаруучулар аркылуу колдоо көрсөтүп келди.

Бүгүн Иордания эли Трамптын Газа элин көчүрүү жөнүндөгү коркунучтуу планына каршы чыгып жатканда, алар өлкөнү ушул алсыздыкка, кемсинтүүгө жана кордукка жеткирген Иордания режиминин мурунку берилген жеңилдиктерин коргобошу керек. Бул режим Иордания элин мурдагыдан да оор абалга алып келип, азыр аларды коркунучка кептөөдө. Ал гана эмес, ал мурда Палестина элин дагы ушундай мүшкүлгө дуушар кылган.

Трамптын соңку билдирүүлөрү Иордания үчүн катуу коркунуч жаратканда, бул режим элден колдоо сурап жатканы таң калычтуу эмес. Бирок ошол эле учурда, ал Америка жана яхудийлер мамлекети менен болгон мамилесин дагы да бекемдөөгө умтулууда. Бул учурда ал Американы «өнөктөш» катары көрүп, Британиянын буйруктарын аткарууну улантып келет.

Иордания эли көчөгө чыгып, согушка даяр экенин билдирип жатканда, яхудийлер алардын аскер күчүнүн алсыздыгын шылдың кылып жатканда, бул саткын режим Америка жана Британия менен болгон кызматташтыкты улантышы керекпи?

Оо, Иордания эли жана Ислам үммөтү!

Силердин кайраттуулугуңар таң калычтуу! Силер өз жериңерди, үммөтүңөрдү жана ыйык жайларыңарды коргоо үчүн курмандыкка даяр экениңерди билдирдиңер. Бул Палестинага коңшу элдердин да үнү. Душмандарыбыздын жүзүндөгү беткабы түшүп, алардын яхудий мамлекетин чексиз колдоп жатканы айкын болду. Ошого карабастан, Иордания режими Америка аскерлерин өз аймагында калтырууну улантып, "орток коргонуу келишимине" жана "Вади Араба келишимине" баш ийүүнү улантууда. Бул болсо анын жалганчылыгын жана чыккынчылыгын даана көрсөтүп турат.

Бул режим, анын айланасындагы жазуучулар, депутаттар жана партиялар элди алдап, мамлекетти душмандарына тапшырууну кооз сөздөр менен жаап-жашырууда. Бирок элдин кызыкчылыгы режимдин кызыкчылыгынан такыр башка! Бул бийлик элди коргоонун ордуна, душмандар менен алаканы бекемдөөгө жана алардын саясатын аткарууга кызмат кылууда. Азыркыдай кырдаалда бул режим өзүнүн аскер күчтөрүн яхудийлерге каршы согушка даярдашы керек эле, бирок анын ордуна Вашингтонго барып, Америка менен сүйлөшүүлөрдү жүргүзүп жатат.

**Ислам душмандары менен болгон алакалар тууралуу**

Ислам душмандары менен кандай мамиле кылуу керектиги Куранда даана баяндалган. Иорданиянын жери жөн гана бир аймак эмес. Ал –

Аллах Таала тарабынан макталган аймактардын бири. Аллах Таала мындай деп айтат:

﴿سُبْحَانَ ٱلَّذِىٓ أَسْرَىٰ بِعَبْدِهِۦ لَيْلًا مِّنَ ٱلْمَسْجِدِ ٱلْحَرَامِ إِلَى ٱلْمَسْجِدِ ٱلْأَقْصَا ٱلَّذِى بَـٰرَكْنَا حَوْلَهُۥ﴾

“(Алла) бир түнү, Өз пендесин (тактап айтканда, Мухаммадды) ага аят - кереметинен көрсөтүү үчүн (Меккедеги) Масжид аль Харамдан (Куддустагы) Биз айланасын берекелүү кылып койгон Масжид аль Аксага сейил кылдырган (бардык айып - кемчиликтен) таза Зат”.

Иордания жери Аллах мактаган мечиттердин бири болгон Масжид ал-Аксанын айланасындагы жер. Андыктан, ушул ыйык жерлерди басып алган яхудийлер менен же аларга жардам берген мамлекеттер менен кызматташууга шарият жол бербейт!

Яхудийлер баскынчы жана кылмышкер эл. Америка жана анын артында турган кресттүү Европанын өлкөлөрү Ислам үммөтү менен согуш абалында турат. Ошондуктан, Иордания менен Америка "союздаш" деген түшүнүк жалган! Бул жалганды эми элдин көзүнө тутандырууга болбойт!

**Чечим – Ислам мамлекети!**

Иордания режими Америкада кандай сүйлөшүүлөрдү жүргүзбөсүн, бул жөн гана Палестина маселесин жок кылуу жана убакыттан утуу аракеттеринин бир бөлүгү. Биз куру кыял же иллюзиялар тууралуу айтып жаткан жокпуз. Чыныгы, шарияттык чечим – Халифалыкты кайра орнотуу!

Халифалык тикеленгенде, Ислам армиялары жөнөтүлөт, Ислам жери бошотулат. Биздин армиялар көп жылдар бою Аллахтын буйругун аткаруудан баш тартып келишти. Бирок Аллахтын убадасы жакында аткарылат, иншаАллах! Ошондо үммөттүн чыныгы күчү жана анын байлыктары душмандарын титиретет!

Аллах Таала мындай дейт:

﴿يَا أَيُّهَا ٱلَّذِينَ ءَامَنُواْ لَا تَتَّخِذُواْ بِطَانَةً مِّن دُونِكُمْ لَا يَأْلُونَكُمْ خَبَالًا وَدُّواْ مَا عَنِتُّمْ قَدْ بَدَتِ ٱلْبَغْضَآءُ مِنْ أَفْوَٰهِهِمْ وَمَا تُخْفِى صُدُورُهُمْ أَكْبَرُ ۚ قَدْ بَيَّنَّا لَكُمُ ٱلْـَٔايَـٰتِ إِن كُنتُمْ تَعْقِلُونَ﴾

“Эй, момундар, өзүңөрдү коюп, (ал мунафык-эки жүздүүлөрдү) сырдаш, дос тутпагыла! Алар силерге зыян жеткирүүдө күчтөрүн аяшпайт жана жаман абалга түшүшүңөрдү арзуу кылышат. Алардын силерди жаман көрүүлөрү ооздорунан ашкере болду. Дилдериндеги душмандыктары болсо андан да чоңураак. Эгер акыл жүргүзүп көрсөңөр, силерге белгилерди ачык-айкын кылып бердик”.

Халифалыкты кайра орнотуу үчүн аракет кылгыла!

**Хизб-ут-Тахрирдин Иордания вилаятындагы маалымат бөлүмү**

## Басма сөз баянаты

# Халифалык кыйраган күн – аны кайра тикелөө үчүн даават болушу керек

1924-жылдын 3-мартында, 1342-жылдын 28-Ражабында, Мустафа Камал баштаган аз сандагы түрк чыккынчылары 13 кылымдан ашык убакыттан бери сакталып келген мусулмандардын биримдигин кыйратып, үммөттү коргоочусуз жетимдей абалга түшүрүштү. Бүгүн бул каргашалуу окуяга хижрий жыл эсеби боюнча 104 жыл өттү.

Халифалык кыйрагандан кийин, капырлар мусулмандардын жерлерин майда бөлүктөргө бөлүп, алардын эркин жүрүүсүн визалар жана паспорттор менен чектешти. Алар мусулмандардын армияларын, курал-жарактарын, табигый жана адам ресурстарын да майдалап бөлүп, талкалашты. Ошентип, биз капырлар үчүн жеңил олжого айландык, алар бизге каршы тынымсыз кол салууда.

Газа же Бирма үчүн мусулмандардын бир да армиясы кыймылдабайт, Пакистандын армиясы Масжид аль-Аксаны бошотууга аракет кылбайт, Түркиянын армиясы Кашмирди бошотууга кадам таштабайт. Бул башты, денени, колдорду жана буттарды бири-биринен ажыратып таштагандай эле көрүнүш.

Хинд мусулмандары халифалык кыйрагандан кийин тарыхтагы эң ири саясий кампаниялардын бирин – “Халифалык кыймылын” башташкан. Халифалыкты коргоо үчүн көчөлөрдө жана конуштарда комитеттер түзүлгөн. Бул кыймылдан улам Ганди да индусдардын саясий келечеги коркунучка кептелишинен чочулап, ага катышууга аргасыз болгон. Индиядагы көптөгөн мусулмандар Балкан согушунда Осмон халифалыгын колдоо үчүн жардам жөнөтүшкөн.

Хинд мусулмандарынын көптөгөн аскерлери өлүм жазасына өкүм кылынарын билип туруп, Британиянын жетекчилиги астында Осмон халифалыгына каршы согушуудан баш тартышкан. Ал эми бүгүнкү күндө мусулмандардын армиялары Американын согуштарында жалданма аскерлердей колдонулуп, биздин лейтенанттарыбыз, командирлерибиз жана полковниктерибиз оторчулардын согуштары үчүн курмандыкка чалынып жатат.

Биз өз көзүбүз менен Палестинадагы бир туугандарыбызга карата яхудийлердин кылган зомбулуктарын көрүп жатабыз. Мусулман үммөтүнө анын уул-кыздары Чыгыш Түркстанда, Кашмирде, Мьянмада, Борбор Азияда, Суданда, Йеменде, Сирияда жана башка мусулмандардын жерлеринде адилетсиздикке, өлүмгө жана кыйроого дуушар болуп жатканын көрүү жашыруун эмес. Буга "калкан" болгон халифа имамдын жоктугу себеп, анткени ал коргоп, анын арты менен согуш жүргүзүлөт.

Эй мусулмандар!

Халифалык кыйраган күн – аны кайра тикелөө үчүн чакырык! Анткени халифалык – бул Ислам мамлекети, анын саясий түзүмү жана Исламды колдонуудагы шарий тарыйкаты. Алла Таала Өзүнүн Элчисине ﷺ мусулмандарды Алланын түшүргөн өкүмдөрү менен башкарууну буюрду. Ал мындай деди:

﴿فَاحْكُم بَيْنَهُمْ بِمَا أَنزَلَ اللَّهُ وَلَا تَتَّبِعْ أَهْوَاءهُمْ عَمَّا جَاءَكَ مِنَ الْحَقِّ﴾

"Демек, адамдар ортосунда Алла түшүргөн нерсе менен өкүм кылгын, жана сага келген чындыктан жүз үйрүп, алардын көңүл кушу каалаган нерселерге ээрчибе!" (Маида, 48)

﴿وَأَنِ احْكُم بَيْنَهُمْ بِمَا أَنزَلَ اللهُ وَلَا تَتَّبِعْ أَهْوَاءهُمْ وَاحْذَرْهُمْ أَن يَفْتِنُوكَ عَن بَعْضِ مَا أَنزَلَ اللهُ إِلَيْكَ﴾

"(Эй Мухаммад), алардын арасында Алла түшүргөн нерсе (дин) менен өкүм кылгын, алардын көңүл-кушу каалаган нерселерге ээрчибе жана да Алла сага түшүргөн өкүмдөрдүн айрымдарынан сени буруп фитна-эки анжылыкка салып коюуларынан этият бол!" (Маида, 49)

Шарияттын негизги каидаларынын (эрежелер) бири: "Пайгамбарыбызга ﷺ берилген буйрук анын үммөтү үчүн да буйрук болуп эсептелет, эгер аны тахсис кыла турган (чектеген) далил болбосо." Бул жерде буйрукка чектөө жок болгондуктан, аяттын мааниси үммөттү да камтыйт. Демек, үммөт Алланын өкүмү менен башкарууга милдеттүү!

Ал эми сүннөткө келсек, имам Муслим Нафиъден, ал Ибн Умар (Алла андан ыраазы болсун) мындай дегенин риваят кылат:

"Мен Пайгамбар ﷺ мындай деп айтканын уктум: مَنْ خَلَعَ يَداً مِنْ طَاعَةٍ لَقِيَ اللَّهَ يَوْمَ الْقِيَامَةِ لَا حُجَّةَ لَهُ، وَمَنْ مَاتَ وَلَيْسَ فِي عُنُقِهِ بَيْعَةٌ مَاتَ مِيتَةً جَاهِلِيَّةً».

«Ким бийликке баш ийүүдөн баш тартса, ал Кыямат күнү Алланын алдында эч кандай далилсиз келет. Кимдин моюнунда (мусулмандардын жетекчисине) байъат жок болуп өлсө, ал жаахилият өлүмү менен өлүптүр».

Демек, Пайгамбар ﷺ ар бир мусулмандын моюнунда байъат болушун фарз кылган жана бул байъат жок өлгөн адамды жаахилия өлүмү менен өлдү деп мүнөздөгөн. Ал эми байъат халифага гана берилет, андан башка эч кимге эмес. Пайгамбар ﷺ ар бир мусулман халифага байъат берүүгө милдеттүү экенин эмес, ар бир мусулман моюнунда байъат болушу керек экенин айткан. Демек, негизги талап – ар бир мусулмандын моюнунда байъат болушу, башкача айтканда, мусулмандардын халифасы болушу керек.

Имам Маварди "Аль-Ахкам ас-Султония" китебинде мындай дейт: "الإمامة موضوعة لخلافة النبوة في حراسة الدين وسياسة الدنيا، وعقدها لمن يقوم بها في الأمة واجب بالإجماع"

"Имамат (халифалык) – динди коргоо жана дүйнөнү башкаруу үчүн пайгамбарлыктын ордуна коюлган жетекчилик. Үммөттү башкарууга татыктуу кишиге аны берүү ижма (жалпы макулдук) менен фарз кылынган".

Имам Навави "Шарх Муслим" китебинде мындай дейт: "أجمعوا على أنه يجب على المسلمين نصب خليفة"

"Бардык аалымдар мусулмандар халифа дайындашы фарз экенине ижма кылышкан".

Демек, Ислам халифалыгы жана үммөттүн биримдиги – Алланын шариятын Пайгамбардын ﷺжолу менен жүргүзүүчү бир башкаруучунун жетекчилиги астында болушу – бүгүнкү күндө мусулмандардын эң чоң максаты болушу керек. Бул – Исламдын эң негизги максаттарынын бири жана Алла менен Анын Элчиси ﷺ буйрук кылган эң жогорку биримдик.

Алла Таала мындай дейт:

﴿وَاعْتَصِمُوا بِحَبْلِ اللَّهِ جَمِيعاً وَلَا تَفَرَّقُوا﴾

"Бардыгыңар Алланын жибине (Куранга) байлангыла жана бөлүнбөгүлө!" (Аали Имран, 103)

Бөлүнүү кордукка жана басынтууга алып келет.

Эй мусулмандар!

Халифалык – бул силердин Роббиңердин фарз кылган өкүмү, силердин Пайгамбарыңардын ﷺсүйүнчүлөгөн башкаруусу, силердин улуулугуңардын булагы жана душмандарыңардын үстүнө көтөрүлгөн кылыч!

Аны тикелөө үчүн чын ыкластан аракет кылгыла!

Силердин жүрөгүңөр Алланын жолунда жихад кылууну эңсебейби?! "Ва муътасымаах!" (О Муътасим, бизге жардам бер!) деп кыйкырган аялдын үнүнө ким жооп берет?!

Халифалыкты Пайгамбарлыктын жолу менен кайра тикелөө чакырыгы, ага «Хизб-ут-Тахрир» аракет кылып жаат. Бул чакырык Осмон халифалыгы кыйрагандан кийин баскынчы колонизаторлор чийип берген улуттук чек аралардан ашып түшөт. Бул – жер жүзүндөгү бардык мусулмандарга багытталган дүйнөлүк чакырык. Бул – мусулмандардын жалпы жетекчилиги.

«Хизб-ут-Тахрир» Алланын Китебинен жана Пайгамбардын ﷺ сүннөтүнөн алынган конституция долбоорун иштеп чыккан. Ал экономика, тышкы саясат, согуш жана тынчтык, коомдук мамилелер, билим берүү, саламаттыкты сактоо, каржы жана башка жашоонун бардык тармактарын камтыйт. Бул долбоорду жүзөгө ашыруу үчүн бардык зарыл чаралар көрүлүп, анын натыйжалары чыга баштады. Мусулмандар аны ишке ашырууну эңсеп жатышат, ин шаа Аллах.

Эй мусулмандар!

Биз силерди аны тикелөө үчүн биз менен чын ыкластан жана тынымсыз иштөөгө чакырабыз! Алла Тааланын бул сөзүнө бекем кармангыла:

﴿يَا أَيُّهَا الَّذِينَ آمَنُوا اسْتَجِيبُوا لِلَّهِ وَلِلرَّسُولِ إِذَا دَعَاكُمْ لِمَا يُحْيِيكُمْ وَاعْلَمُوا أَنَّ اللَّهَ يَحُولُ بَيْنَ الْمَرْءِ وَقَلْبِهِ وَأَنَّهُ إِلَيْهِ تُحْشَرُونَ﴾

“Эй момундар, Алла жана Анын пайгамбары силерди түбөлүк жашоо бере турган нерсеге (динге) чакырган убактысында аны кабыл кылгыла жана билип койгула, албетте, Алла ар бир киши менен анын дилинин ортосун ээлеп турат жана Анын алдына топтолосуңар”. (Анфал, 24)

**Хизб ут-Тахрирдин Пакистан вилаятындагы маалымат бөлүмү**



# Хизб ут-Тахрир–Кения Халифалык кулашынын 104 жылдыгын эскерүүгө байланыштуу иш-чараларды уюштурду

Кениядагы Хизб ут-Тахрир 1446-жылдын Ражаб айында Халифалык кулашынын 104 жылдыгына арналган кампания жүргүздү. Бул кампания айдын башында башталып, анын алкагында кеңири масштабдагы иш-чаралар уюштурулду. Аларга ачык баяндамалар, семинарлар жана наразылык акциялары кирди. Бул иш-чаралар Халифалык кулашынан бери үммөт туш болуп келе жаткан оор абалды эскертип, ойготуу максатында өткөрүлдү.

1924-жылдын 3-мартында (1342-жылдын 28-Ражабында) Халифалык кулатылгандан кийин, бүгүнкү күндө саны 2 миллиардга жакындаган мусулмандар деңиздин көбүгү сыяктуу алсыз абалга түшүп калды. Алар кадыр-баркын, ар-намысын жана коргоочусун жоготту.

Бүгүнкү күндө яхудий мамлекети Батыш мамлекеттеринин колдоосу менен Газа калкына карата геноцид жасап жатат. Сирияда болсо, берекелүү революция тиранды кулатты, бирок Батыш аны кайрадан светтик жана либералдык башкаруу астына алуу аракетин көрүп жатат.

Халифалыктын кулашы – Ислам тарыхындагы эң кайгылуу жана караңгы окуялардын бири болду. Үммөттү бириктирүү ордуна, Сайкс-Пико келишими менен Ислам жерлери бөлүндү жана оторчулардын колуна өттү. Шам (Сирия) – Исламдын калканы болгон, бирок анын жеринде төгүлгөн мусулмандардын каны Ислам армияларынын намысын козгогон жок. Ал эми "Ислам өлкөлөрүнүн" жасалма жетекчилери бул кырдаалды үн-сөзсүз карап турушту.

Биз Аллах Тааладан Пайгамбарлык минхажы негизиндеги Халифалыктын тез арада орношун суранабыз.

﴿وَاللَّهُ غَالِبٌ عَلَىٰ أَمْرِهِ وَلَٰكِنَّ أَكْثَرَ النَّاسِ لَا يَعْلَمُونَ﴾

“Алла Өз ишинде үстөмдүк кылуучу (тактап айтканда, Аны Өзү каалаган ишти кылуудан эч ким кайтара албайт) бирок адамдардын көпчүлүгү (муну) билишпейт”.

**Шаъбан Муаллим**
**Хизб ут-Тахрирдин Кениядагы маалымат бөлүмүнүн мүчөсү**

**5-ражаб 1446х, 5-январь 2025-ж.**





## Халифалык – үммөттүн өзгөрүү долбоору жана парздардын таажысы

Ушул теманын алкагында Судан мамлекетиндеги Хизб ут-Тахрир өзүнүн үзгүлтүксүз уюштурган "Үммөт маселелери" форумун өткөрдү. Бул айда форум Ражаб айына, тактап айтканда, Халифалык кулашынын 104 жылдыгына (1342-ж. 28-Ражаб) карата өткөрүлдү.

Форумда эки баяндамчы өз докладдарын сунуштады:

Биринчи баяндаманын темасы: "Халифалык – өзгөрүүнүн умумий долбоору"

Адвокат Хатим Жаафар (Судан мамлекетиндеги Хизб ут-Тахрирдин мүчөсү) төмөнкү үч негизги маселени талдады:

**1.** Халифалыктын маңызы жана орду.

1922-ж. 22-декабрда Лозанна келишиминде коюлган талаптар.

Улуу Британиянын парламенти Халифалыктын кулашын майрамдоосу.

Британиянын ошол кездеги Тышкы иштер министри Жорж Керзондун айтканы: *"Биз мусулман дүйнөсүнүн жүрөгүн - Халифалыкты кыйратып, Исламды түбөлүккө өлтүрдүк!"*

**2.** Үммөт деген түшүнүк (лингвистикалык жана шаръий жактан).

**3.** Өзгөрүү маселеси.

Үммөт – бир бүтүн организм.

Араб жазы революцияларынын сабактары.

Эгер үммөт эки суроого туура жооп берсе, ал максатына жетет:

Биз кимбиз?

Биздин оору эмне жана качан башталды?

Өзгөрүүнүн туура жолу – Халифалык долбоорун ишке ашыруу.

Экинчи баяндаманын темасы: "Халифалык – парздардын таажысы"

Якуб Ибрахим (Хизб ут-Тахрирдин мүчөсү) төмөнкү маселелерди козгоду:

Халифалыктын шаръий далилдер менен парз экендигин Куран, хадис, сахабалардын ижмасы жана шаръий усулдар менен далилдеди.

Үммөттүн белгилүү аалымдарынын Халифалыктын мааниси жана зарылдыгы тууралуу айткан сөздөрүн келтирди.

Дүйнөдөгү кафирлердин (Батыштын жетекчилери) Халифалыктын кайтып келишинен коркуусу.

Форумдун талкуусу жана катышуучулардын пикири

Форумдун модератору адвокат Мухаммад Абдулфаттах келгендерге суроолор жана ой-пикирлер менен катышуу мүмкүнчүлүгүн берди. Көңүл бура турган пикирлер айтылды, алардын ичинде "Ахбар аль-Йаум" гезитинин башкы редакторунун орун басары Аасим аль-Билалдын

катышуусу өзгөчө көңүл буруууга арзыйт. Андан соң форумдун модераторлук тобу берилген суроолорго жана пикирлерге жооп берди.

**Ибрахим Усман (Абу Халил)**
**Судан вилаятындагы Хизб ут-Тахрирдин расмий өкүлү**

**5-ражаб 1446х, 5-январь 2025-ж.**



**Жылдык конференция**

**Борбордук маалымат бөлүмү: “Халифалык жолундагы өзгөрбөс негиздер”**

Үммөттүн өзүнө башчы кылып шайлаган имамы жок өтүп жаткан ар бир жылы – мусулмандар дининен, канынан, коопсуздугунан жана мал-мүлкүнөн улам барган сайын оор жоготууларга учурап келет. Бул жоготуулардын эң акыркыларынын катарында каарман Газа менен чыдамкай Женин башынан кечирген кыргындар турат. Ошол эле учурда диндин улуулугун жана мусулмандардын бийлигин кайра тикелөө үчүн күрөшкөндөрдүн чечкиндүүлүгү ого бетер бекемделүүдө. Алар халифалык – бул парздардын таажысы экенин жана ага жетүүнүн туура жолу шариат тарабынан белгиленген так негиздерге таянарын жакшы билишет. Ошондуктан, бул жолдо жүргөндөр адашпай, ашыкча же кемчиликтерге жол беришпейт. Алар Аллахтын убадасына жана чындыкты айткан Пайгамбарыбыз ﷺ берген кушкабарга ишенип, бекем турушат: “Андан соң пайгамбарлык негизинде туура жолдогу халифалык болот.”

Ошондуктан, араб жана түрк кылмышкерлеринин Ислам мамлекетин кыйраткан кайгылуу окуясынын 104 жылдыгына карата бул конференция өткөрүлүүдө. Бул мамлекетти эң акыркы элчи Мухаммад ﷺ өзүнүн улуу сахабалары менен бирге негиздеген. Бирок 1342-хижрий жылдын 28-Ражабында (1924-жылдын 3-мартында) бул мамлекет кылмышкер Мустафа Камал тарабынан кулатылып, Ислам башкаруу системасы – Халифалык жоюлган.

Ошондой эле, “Хизб ут-Тахрир” партиясы иш алып барган өлкөлөрдө мусулмандарды Ислам мамлекетин – пайгамбарчылыктын жолу менен башкарылуучу экинчи туура халифалыкты тикелөө үчүн аракет кылууга үндөгөн эл аралык иш-чаралардын алкагында, дүйнө жүзүндө жалгыз гана ушул мамлекет мусулмандарды дүйнөлүк кордукка түшүүдөн сактап, акыреттеги куткарылууга жеткире аларын эске алуу менен, ошондой эле жерди жана инсандарды кафир кылмышкерлерден жана Батыштын мусулмандарга каршы түзгөн кара ниет тузактарынан бошото ала турган жалгыз мамлекет экенин баса белгилөө менен, “Хизб ут-Тахрир” партиясынын Борбордук маалымат бөлүмү өзүнүн “Ал-Вакиа” каналы аркылуу

“Халифалык жолундагы өзгөрбөс негиздер” аттуу жылдык конференциясын өткөрөт.



## Түркия вилаяты: “Жоголгон кылымдан кубанычтуу келечекке карай” аттуу документалдык тасма

Миладий жыл эсеби боюнча 103 жыл, хижрий жыл эсеби боюнча 100 жылдан ашуун убакыт мурун Ислам мамлекети – Осмон халифалыгы каапыр баскынчылар тарабынан араб жана түрк чыккынчыларынын жардамы менен кулатылып, үммөттүн жашоосунан Ислам башкаруу системасы – Халифалык кулатылган. Ушул кайгылуу окуянын жылдыгына карата “Хизб ут-Тахрир” партиясынын Түркия вилаятынын маалымат бөлүмү “Жоголгон кылымдан кубанычтуу келечекке карай” аттуу документалдык тасмасын жарыялады.

Бул маанилүү тасма Ислам мамлекети – халифалыкты кулатуу үчүн токулган кутумдарды жана тузактарды ачып берет. Ал мамлекетти Пайгамбарыбыз ﷺ өзүнүн улуу сахабалары менен бирге негиздеген. Ошондой эле, бул тасма мусулмандар бир мамлекет – халифалык алдында биригүүсүнүн жана ага бир халифа жетекчилик кылуусунун канчалык маанилүү экенин түшүндүрөт. Бул сөзсүз түрдө ишке аша турган нерсе, анткени Пайгамбарыбыз ﷺ мындай деп сүйүнчүлөгөн: “…Андан соң пайгамбарлык жолу менен башкарылуучу туура жолдогу халифалык болот”.

**22-шаъбан 1446х, 23-март 2025-ж.**



### Тунис вилаяты: “Азаттык жүрүшү – колонияльдык кишендеринен кутулуп, халифалыкты тикелөө үчүн революция улана берет”

2025-жылдын 10-январында (10-Ражаб, 1446-х.ж.) жума намазынан кийин Тунис борборундагы “Фатх” мечитинин алдында “Хизб ут-Тахрир” партиясынын Тунис вилаяты тарабынан уюштурулган 66-жүрүш болуп өттү. Бул жүрүш Палестина элине жана туткундагы “Ал-Акса” мечитине колдоо көрсөтүү максатында өткөрүлүп, “Азаттык үчүн революция улана берет – пайгамбарлык жолу менен башкарылуучу халифалыкты тикелөө үчүн!” деген ураан алдында уюштурулду.

Жүрүш эл көп топтолгон борбордук көчөлөр аркылуу “Революция көчөсүнө” чейин уланды. Анын соңунда “Хизб ут-Тахрир” партиясынын Тунис вилаят мүчөлөрүнүн бири сөз сүйлөп, мусулмандарды Ислам башкаруусун тикелөө үчүн аракет кылууга чакырды.

Биз Аллахтан күч-кубат ээлеринен – офицерлерден жана аскерлерден – мусулмандарга жардам берип, Ислам байрагын бийик көтөрүп, Ислам өкүмүн тикелей турган пайгамбарлык жолу менен башкарылуучу туура жолдогу экинчи халифалыкты орнотууну тездетүүсүн тилейбиз!

**Хизб ут-Тахрир Тунис вилаятынын борбордук маалымат бөлүмүндөгү өкүлү**



**Хизб ут-Тахрир Канада 2025-жылкы онлайн халифалык конференциясын өткөрөт**
**“Анын кайтып келишин кечеңдеткен тоскоолдуктарды жоюу”**

Хизб ут-Тахрир Канада быйылкы Халифалык конференциясын онлайн форматта өткөрөрүн жарыялайт. Бул конференция кадимки жүзмө-жүз өткөрүлгөн конференция сыяктуу эле өтүп, катышуучуларга докладчылар менен интерактивдүү баарлашуу үчүн суроо-жооп сессиясына катышуу мүмкүнчүлүгү берилет. Конференция 2025-жылдын 9-февралында, жекшемби күнү, Чыгыш Америка убактысы боюнча саат 11:00дө өтөт.

2025-жылкы онлайн халифалык конференциясы ийгиликтүү аяктады.

Аллахка шүгүр, “Анын кайтып келишин кечеңдеткен тоскоолдуктарды жоюу” деген темадагы 2025-жылкы онлайн халифалык конференциясын ийгиликтүү өткөрүп алдык. Ушул иш-чарага катышкан бардык адамдарга ыраазычылык билдиребиз жана Аллах Тааладан бул конференциянын алардын акыретине пайдалуу болушун тилейбиз.

Конференциянын толук жаздырмасын төмөнкү шилтемелер аркылуу көрө аласыз:

Фейсбукта:

https://www.facebook.com/share/v/1HbiUhi6ns/

Рамблда:

https://rumble.com/v6isdlp-online-khilafah-conference-2025.h…

Ошондой эле, Аллах Тааладан ушул жыл үммөт халифалыктан коргоосуз өткөзгөн акыркы жыл болушун тилейбиз.

Газадагы геноцидден тартып, дүйнөнүн бардык бурчундагы мусулмандарга жасалып жаткан зулумдуктарга, динибизге каршы чабуулдарга биз мамлекетибиздин ресурстары менен колдоосунан ажыратылган абалда күрөшүүгө мажбур болуп жатабыз. Ошондуктан, бул кабарды үй-бүлөңүзгө, досторуңузга жана тааныштарыңызга жеткирип, халифалык чакырыгынын кеңири жайылышына салым кошууга чакырабыз.

Аллах Таала сиздерди ушул маанилүү чакырыкты угууга убакыт бөлгөнүңүздөр үчүн соопко бөлөсүн! Жакынкы

келечекте дагы иш-чараларыбызга катышарыңыздарга үмүттөнөбүз.

Жазакаумуллаху хайран!

**Хизб ут-Тахрир–Канада**





## Ливан вилаяты: Шам аймагындагы өзгөрүүлөр тынчсыздануулар жана сүйүнүчтөр аттуу халифалык конференциясы

1342 хижрий жылдын 28-Ражабында 1924-жылдын 3 мартында араб жана түрк кылмышкерлери тарабынан Ислам мамлекети халифалык кулатылгандыгына 104 жыл толушуна карата жана Шам жергесинде болуп жаткан олуттуу өзгөрүүлөр менен саясий силкинүүлөрдүн тушунда Хизб ут-Тахрир партиясынын Ливан вилаяты төмөнкү темада конференция өткөрөт:

"Шам аймагындагы өзгөрүүлөр тынчсыздануулар жана сүйүнүчтөр".

Өткөрүү жайы: Триполи шаарындагы Маданий байланыш борборунун театр залы.

Өткөрүү күнү: Жума күнү 1-Шаабан 1446-хижрий жыл, 31 январь, 2025-жыл

Конференциянын баяндамачылары жана темалары:

"Шам окуялары жана халифалыкты тикелөөнүн босогосунда"

Профессор Салахуддин Азаза Хизб ут-Тахрирдин Борбордук маалымат бөлүмүнүн башчысы.

"Шам диктаторун кулаттыңар эми анын урандыларында Ислам мамлекетин тикелегиле"

Устаз Насир Шейх Абдулхай Хизб ут-Тахрир партиясынын Сирия вилаятынын маалымат бөлүмүнүн мүчөсү.

"Жер үстүндө бийликке жетүүнүн жолу динди үстөм кылуу менен гана мүмкүн"

Устаз Ахмад Касас Хизб ут-Тахрирдин Борбордук маалымат бөлүмүнүн мүчөсү.

Устаз Абдуллах Имамоглу Хизб ут-Тахрир Түркия вилаятинын Борбордук байланыш комитетинин жетекчиси.

"Пайгамбарлык жолу менен башкарылган мамлекетке ушундай жетебиз"

Устаз Ахмад Суфи Абу Низар Хизб ут-Тахрир Ливан вилаятынын мүчөсү

Конференциянын ачылыш жана жабылыш баяндамалары

Ачылыш сөз:

Доктор Мухаммад Жабир Хизб ут-Тахрир Ливан вилаятынын Борбордук байланыш комитетинин жетекчиси

Жыйынтыктоочу сөз

Шейх доктор Мухаммад Ибрахим Хизб ут-Тахрир Ливан вилаятынын маалымат бөлүмүнүн жетекчиси

Бардык мусулмандарды бул маанилүү иш чарага катышууга чакырабыз.





## Ыйык Жер: Аялдар бөлүмү Халифалык кулашынын 104 жылдыгын эскерүү күнүнө арналган сөздөр

Араб жана түрк чыккынчылары тарабынан Пайгамбарлардын мырзасы Мухаммад ﷺ жана анын нурдуу сахабалары رضي الله عنهم негиздеген Ислам мамлекети халифалык кулатылгандыгына жана 1342 хижрий жылдын 28 Ражабында 1924-жылдын 3-мартында Ислам башкаруу системасы (халифалык) жок кылынгандыгына 104 жыл толушуна карата Хизб ут-Тахрир партиясынын Ыйык Жердеги (Палестина) аялдар бөлүмү төмөнкү сөздөрдү тартуулайт:

Аллахтын убадасы жакындады жана жеңиштин сүйүнүчтөрү көрүнүүдө.

Эй Ислам үммөтү, Аллахтын чын убадасы жакындап калды, халифалыктын жели сокколдо жана жеңиштин сүйүнүчтөрү көрүнүп турганда катарыбызды тыгыздап, үммөттүн калканы болгон халифалыкты кайра тикелөө үчүн ишибизди күчөтөлү! Ошондо ыйман келтиргендер Аллахтын жардамына сүйүнүшөт.



Эй мусулмандар, үммөттүн улуулугун жана даңкын кайтарып бергиле! Ойгонгула, эй мусулмандар, жана аракет кылуучулар менен бирге иш алып барып, үммөттүн улуулугун жана даңкын Пайгамбарлык жолу менен башкарылган экинчи халифалык мамлекетин тикелөө аркылуу кайтарып бергиле.



Эй армия офицерлери,  халифалыкты тикелөө вазыйпасын кечиктирүүгө болбойт!


Эй Ислам үммөтү, бул улуу парзды кечиктирүү канчага чейин созулат? Эй мусулман армияларынын офицерлери качан кыймылга келесиңер? Кор болгон мусулмандардын боздоп жаткан үнүн укпадыңарбы? Ыйык калаа болгон Кудустун дубалдарына Исламдын желегин орнотуу жана улуу жеңишке жетүү үчүн тезирээк жардамга шашылгыла.




## Пакистан вилаяты: “Бир үммөт, бир халифалык” сериясы

1342 хижрий жылдын 28-Ражабында, 1924-жылдын 3-мартында халифалык мамлекетинин кулатылгандыгына 104 жыл толушуна карата Хизб ут-Тахрир партиясынын Борбордук маалымат бөлүмү өзүнүн окурмандары жана көрүүчүлөрү үчүн Пакистан вилаяты тарабынан даярдалган “Бир үммөт бир халифалык” аттуу жаңы видео серияны сунуштайт.



Пайгамбарлык минхажы негизиндеги рошид Халифалык

لا إله إلا الله محمد رسول الله

Дүйнө жана адамзаттын куткаруучусу

тандалган макалалар

# МУХТАРОТ 99

Хизб ут-Тахрир Борбордук маалымат кеңсеси